Тамактанып анан Ага (Аллахка) алкыш-мактоо айткан же суусундук ичип анан Ага алкыш мактоо айткан адамга Аллах Таала ыраазы болот

Анас бин Малик (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Тамактанып анан Ага (Аллахка) алкыш-мактоо айткан же суусундук ичип анан Ага алкыш мактоо айткан адамга Аллах Таала ыраазы болот".

[Сахих (ишенимдүү)] [Муслим жазып калтырган]

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) пенденин Раббисине Анын берешендиги жана берген нээматы үчүн мактоо айтуусу Аллах Тааланын ыраазылыгына жеткире турган иштерден экенин баяндаган. Тамактангандан кийин "алхамду лиллах" дейт, суусундук ичкенден кийин да "алхамду лиллах" дейт.

http://www.sunnah.global/hadeeth/ky/show/5798